DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 7, 2020

*Закиров У.А.*

# ЖИВОПИСТИК ЧЫГАРМАЛАРДЫН ФИЛОСОФИЯЛЫК ТАБИЯТЫ

*Закиров У.А.*

# ФИЛОСОФСКАЯ ПРИРОДА ЖИВОПИСНЫХ РАБОТ

*U.A. Zakirov*

# THE PHILOSOPHICAL NATURE OF PAINTING

*УДК: 1(091) (7.01)*

*Бул макалада живопистик чыгармалардын философиялык табияты каралган. Живопистик чыгармалардын маани-мазмундарындагы адам маселеси изилдөөгө алынат. Адам баласынын жашоо-турмушундагы табият менен болгон тыгыз байланыштардын негизинде диндин орду жана максаттары белгиленет. Л. Батиста жана Пико дела Мирандолланын живопистик чыгармалардагы дин маселелери боюнча баалуу болгон ойлору каралды. Андан сырткары гуманисттердин адамзаттын таза сезимдерине болгон ой толгоолору бааланат. Макаладагы маалыматтарды алып чыгуунун негизги максаты, дүйнөлүк искусство жана анын алкагында дүйнөлүк живописке тарыхый философиялык интерпретация жүргүзүү болуп саналат. Ошол эле мезгилде кыргыз искусствосуна жана живописине тарыхый философиялык анализ жана синтез жасоо максатка ылайык келет. Дүйнөлүк искусство жана анын алкагында дүйнөлүк живопистик чыгармаларды изилдөө менен бирге кыргыз искусствосу жана живописинин тарыхый философиялык интерпретацияланышы макалада берилген материалдар менен тыгыз байланышта болот.*

***Негизги сөздөр:** живопись, чыгармалар, объективдүүлүк, графика, гуманизм, орто кылымдар, диндик идеология, ренессенс, барокко, искусство.*

*В статье рассматривается философская природа картин. Изучается человеческая проблема в смыслах картин. Место и цели религии определяются на основе тесной связи с природой в жизни человека. Были обсуждены ценные идеи Батисты и Пико дела Мирандоллы о религии в его картинах. Кроме того, ценятся размышления гуманистов о чистых чувствах человечества. Основная цель статьи - дать историко-философскую интерпретацию мирового искусства и его контекста в мировой живописи. В то же время целесообразно провести историко-философский анализ и синтез кыргызского искусства и живописи. Историко-философское осмысление кыргызского искусства и живописи, наряду с изучением мирового искусства и его произведений, тесно связано с материалами, представленными в статье.*

***Ключевые слова:** живопись, произведения, объективность, графика, гуманизм, средневековье, религиозная идеология, ренессанс, барокко, искусство.*

*The article examines the philosophical nature of paintings. The human problem is studied in the meanings of the paintings. The place and purpose of religion is determined on the basis of a close connection with nature in human life. L. Valuable ideas of Batista and Pico in the Mirandolla case on religion in his paintings were discussed. In addition, the thoughts of humanists about the pure feelings of humanity are appreciated. The main goal of the article is to give a historical and philosophical interpretation of world art and its context in world painting. At the same time, it is advisable to conduct a historical and philosophical analysis and synthesis of Kyrgyz art and painting. Historical and philosophical understanding of Kyrgyz art and painting, along with the study of world art and its works, is closely related to the materials presented in the article.*

***Key words:** painting, works, objectivity, graphics, humanism, the Middle Ages, religious ideology, Renaissance, Baroque, art.*

Объективдүү жактан живопистик чыгармалардын максаты жана табияты, бул жашоо болумушунун кыймылынын жаңы жарандык маданиятын жаратуу экендиги. Өз кезегинде бул кыймылдын күчү менен орто кылымдын феодалдык турмушуна, диндин таасир күчүнө жана башка багыттарга каршы чыгуу болот. Гуманисттердин эң биринчи талабы диндик басынтууга каршы туруу. Алар диндин экономикадагы, саясаттагы жана руханий жашоодогу үстөмдүгүнөн бошонууну көздөйт.

Алар андан сырткары гуманисттер «акыл» боштондугуна умтулушкан. Ал болсо өз кезегинде чыгармачыл боштондукка жетишип, өзүнүн акылын жана чыгармачыл тажрыйбасын өнүктүрмөк.

Диндик идеология адам баласын басынтып, аны алсыз жандыкка айлантууга аракеттенет. Ал эми гуманисттер инсанды өтө жогору баалап, андагы чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрдү жана өтө чексиз касиеттердин бар экендигин белгилеп, сүрөтчүлөрдүн чыгармачылыгындагы боштондукка болгон сезимдерин ойготот. Гуманисстик агымдын өкүлдөрү бардык нерсенин ортосунда адам баласы туруп, аны эң жогору «акылдуу жан», экендигин далилдөөгө жана адамдык мамиленин болуусуна умтулат.

«Табият, башкача айтканда «кудай», адам

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



баласына «ааламдык жана «кудай» касиеттерин берип койгон. Кудай өзү, адамзатты ар кандай «өлчү» жандыктардан эң сулуу кылды», - деп эсептеген Л.Батиста. Ал адамга бүт мүчөсүн толугу менен жаратып, басуу жана кыймыл аракеттердин баарын берди. Ал ага талант, окуу жөндөмүн, аң-сезим, кудайлык касиеттерин берип, булардын негизинде адам эмнени жасоо керек, эмнеден качуу керек жана таануу мүмкүнчүлүктөрүнүн баарына ээ болуу менен бирдикте өзүн-өзү сактап калуусуна шарт берди. Ушул сапаттарга кошумча адам баласына «жан» берди, билгичтик, чексиз каалоолорго «турмуштук чечим берди, андан сырткары «уят-сыйыт», жөнөкөйлүүлүк жана мактоого татыктуулук берди.

Ошондуктан эч унутпагын, адам баласы бул жашоодо болбогон жандык болуп, өзүнүн жанын араңдан-араң багуу үчүн жаралбай. Адамзат бул жашоого бийик жумуштар менен алек болууга жаралган» [1]. Адам баласы Альбертинин айтымында, «кайгы-муң айтууга жаралган жандык эмес», же болбосо «күйүп турган чырак эмес шамалдуу күчтө кыймылга келген». Алсыз жана кудуретсиз бир байкуш эмес, аны – дин баалап окуткандай. Адам баласы, - бул баатыр, бул жашоого бийик эмгектерди жасап жана эрдиктерди жаратуу үчүн жаралган.

Адам эркиндиги жөнүндө, анын бийик эмгектери жана татаал касиеттери боюнча Пико дела Мирандолла мындай дейт,: «Адам жаралуусунун акыркы күнүндө, кудай адамга берген касиеттер,: ал теңир мыйзамдарын таанып билүүсү керек, табиятты сүйүүнү үйрөнүүсү, анын сулуулугуна суктанып жана аяп жашоосу керек. «Жараткан» Адамга сүйлөп жатып: - сени бир жерге байлап койгон жокмун, себеби өз каалоң менен каалаган жерди тандап, ошол жерге олтуруп эс алуу үчүн жана ал жерге бий болууга мүмкүндүк бердим.

Менин бекиткен мыйзамдарыма ылайык башка жандыктар табиятынан чектелген; жалгыз сен гана чексиз мүмкүнчүлүктөрдүн ээси болуп, өз-өзүнчө табиятка чек коюп, - мен берген табиятта жашайсың. «Дүйнөнүн ортосуна койдум сени, себеби сен кыйналбай тегерекке көңүл бөлүүгө мүмкүнчүлүк болушу үчүн. Мен сени жаратып жатып, сени мен теңирдин кишиси кылганым жок. Жердин да кишиси кылбадым. Мен сени, жөн гана өлөр жандык да кылбадым. Бирок да өлбөс жандык да кылбадым. Себеби мен, сени үчүн шарт түзүп, сени ар жактан кысылып калбасын деп ойлоо менен бирге, сага өз тагдырыңа өзүн ээ болууңа мүмкүндүк бердим. Бул татаал жашоо турмушта өз жолуңду өзүң табуу менен катар эле, өз кейпиңди өзүң табууга шарт түздүм. Сага берген мүмкүнчүлктө,: сен эң бир жаман жырткычтай болуп айбан болууга да, эң бир жакшы кудай сымал жандыкка жетүүгө да мүмкүн болгон шарттарды да сенин өз эркиңе койдум. Ошондой жогорку деңгээлдердеги мүмкүнчүлүктөр сенин өз колунда. Ээн-эркин ишаракеттерге баруу менен бирге, сен өзүңдүн жашоо жолунду тандайсын. Ошол эрктерге ээ болуу менен бирдике сага жашоо жолун тандоого мүмкүнчүлүк бердим» [2].

Гуманисттер адам баласынын «жакшы касиеттерине ишенет, адам баласы өз боштондугу менен жаман иштерге барбайт деп толук ишенет. Рабле мындай дейт,: - «жакшы, боорукер, маданияттуу жана ыймандуу адамдардан жаралган балдар, - тегереги, айлана чөйрөсү жана жакшы коомдо өскөндөргө табияттын өзү жакшы касиеттерди берип, аларга инстинктивдүү түрдөгү адамдык касиеттерине ээ кылып, алар эч качан жаман иштерге барбайт жана жогорку касиеттер аларда сый-урмат жана сыпайылык менен өзүлөрүн алып жүрүүгө түрткү болот» [3]. Бекеринен Телемстик аббаттыкта – бул гуманисттик утопия жөнүндө регламент бир эле макала менен чектелген эмес,: «Билгениңди жасай бер», «адам баласы гуманисттердин ою боюнча, сырткы чектөөлөргө, кандайдыр бир «тизгин» тартууларга да муктаж эмес, адам өзү ички табияттык «чектик» гармонияларына ээ жана бул «чектөө» титандардын чектөөсү» [4].

Жөнөкөйлүүлүк жана адамдык сапат гуманисттердин түшүнүгү боюнча, белгилүү бир тукумга тиешелүү болгондугу, кандын түсү менен эмес, чыныгы бийик адам, анын айтымында, бийик жаңы менен жаралат. Бирок, адам «өзүн-өзү бийик эмгектери менен бийик кылат». Жашоодогу эл-журт арасындагы урмат-сыйга татыктуу болуу, бул өзү тукумдан тукумга берилбейт, адам баласы өз жашоосу менен аны табат.

Кайра жаралуу доорунун эстетикалык жана башка илимий багыттары эч убакта бир жактуу болгон эмес. Бул жерде ар түрдүү агымдар болгон, кээде бул агымдар бири-бири менен кагылышып турган. Ренессанстык өнүгүү этабы ар түрдүү этаптарды башынан өткөрөт. «Живопистин илимден айырмасы, Л. да Винчинин ою боюнча живопись көрүнүп турган дүйнөнү, түстөрдү жана бардык предметтердин түзүлүштөрүн чагылдырат. Өз кезегинде «илим» телолордун «ичине» кире билип, анын формасын бузуп, ар бир илим өз багытын изилдейт да, илимпоздон «сулуулук» кача берүүсүндө искусство менен илимдин айырмасы чыга келет» [5].

Искусстводогу Барокко доорунун ойчулдары, эстетикалык жаңы өнүгүү булактарын, гуманистик бийик идеалдарды жана маданият тармактарындагы

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жаңыча багытка карай жылыш болгон орчундуу өзгөрүүлөрдү «барокко искусствосунан» көрүшөт.

Искусстводогу бароккoлук, жаңы идеялык көрүнүшкө стилдик өзгөрүүлөр да кирет. Искусстводогу бароккoлук көркөм сүрөт искусствосуна түз линиялар, кубанычтуу түстөр, ийкемдүү формалар, караңгы күңгүрт фондор, күңүрт толкундаткан көлөкөлөр, жана башка ушул сыяктуу майрамдык, кооздук жыргалчылык ийкемдүүлүктөрү мүнөздүү.

Барокко искусствосу карама-каршылыктуу кубулуш. Анын таасири менен бир топ эле чыгармалар жаралган.

Бароккoлук искусство, өз мүмкүнчүлүктөрүнө карабай өзүнүн тарыхый доорунда, тарыхта калаарлык белгилүү теоретиктерди алдыга жылдырган эмес. Ошондой эле бул бароккoлук искусствонун таасири туруктуу боло алган жок. Башкача айтканда ренессанстык искусство жана классицизмдик искусство сыяктуу таасир туруктуулугуна ээ болгон эмес. Бирок ошондой болсо да бароккoлук искусствонун, кийинки тарыхый доордук өзгөрүүгө жараша пайда болгон реалисттик искусствонун жаралуусундагы таасири өтө чоң. Бароккoлук искусствонун кээ бир көрүнүштөрү бүгүнкү күндөгү модернисттик искусстводо да байкалат.

Орто кылымда искусстводо эстетикалык баалуулуктар, мазмундар жана формалардын көп түрдүүлүгү орун алат. Кишинин көңүлүн өзүнө бурган дагы бир абал анын «социалдык» багыты. Чиркөөлүк диний басым астында болуп, эстетикалык идеялар чиркөөлөргө көз каранды болуп тургандыгында. Бирок сүрөтчүлөр жана жазуучулар өздөрүнүн чыгармачыл көз-караштары менен динден бошонуп, социалдык-саясий маселелерди өз чыгармаларында «гуманизмдин» баалуулуктарын чагылдыруудагы идеялык багытында ой жүгүртүүлөрүндө жана иштөө принциптеринде биригишкен.

«Ойломдун таза таасирдүү үлгүлөрү, - бул бир гана искусстводо «идеал» катары берилет. Анын багытталган чындыгы, - бул атайын максаттык түрдөгү теориялаштырылган «чындык», «адамгерчилик», «боорукердик» жана башка касиеттерди камтыган таасирлерден турат» [6].

Тарых далилдегендей, эстетикалык өнүгүү канчалык деңгээлде ар түрдүү болсо да, жалпысынан бир топ жалпы окшоштуктар менен коштолгон. Себеби орто кылымдардагы өнүгүү ар элде ар түрдүү жолдо жүргөндүгүнө карабай, негизги өнүгүүнүн формаларына жана закондоруна тарыхый түрдө баары баш ийет.

Ар бир доордо көркөм сүрөт искусствонун тигил же бул тармагы баасымдуулук кылат. Орто кылымдарда биринчи кезекте архитектуралык искусство жогорку деңгээлде өнүгөт. Нукура архитектурада «готикалык» мезгилге чейин антикалык доордун элементтери үстөмдүк кылат.

Архитектуралык өнүгүүлөр көбүнчө V, XIV кылымдарда Иранда, сасаниддер доорунда (мусульман өлкөсүнө айланганга чейинки, зороастриялык Иран), Исламдык Дамаскада, Багдада жана Арабтар жеңген Испанияда катуу өнүгүп, храмдар, минареттер, мечеттер, падышачылык сарайлары курулат.

Европада көптөгөн убакыттар бою храмдарды (собор) куруу архитектуралык өнөр жана искусствонун бир тармагы эле болбостон, бардык искусстволук тармактарды башкарган жана маданияттык жашоонун багыты болуп турат.

Чиркөөлөрдө хордук ырдоолор менен атайын сыйынуулары жүрүп, жаңыча жашоого умтулушат. IX кылымдарда Батыш Европада дубалдарды «фрескалык» жана мозаикалык чыгармалар менен жасалгалашкан. Ал эми «Романдык» жана «готикалык» стилдер мезгилинде монументалдык скульптура, «витраждык живопись» өнүгө баштайт.

«Сүрөтчү үчүн сулуу эмес нерсенин өзү жок, андыктан адам баласына эң кунарсыз болуп көрүнгөн нерсе, сүрөтчүнүн көзү менен жаралган чыгармада эң сулуу болуп чыга келет» [7].

Демек адам баласынын сулуулукка жетүүсү жана аны кабылдоосу үчүн табият менен тыгыз байланышта болуусу талап кылынат. Эстетикалык ойлор, «баалуулуктар» орт кылымдарда кытайда да катуу өнүгөт.

Кытай эстетикасы көбүнчө «байыркы кытай» менен байланышат, орто кылымдардын эстетикалык баалуулуктары кытай окумуштуулары менен тереӊ изилдене бербеген. «Жашоо болумушунун алкагындагы ар түрдүү табигый кубулуштар алдында «жакшылык менен жакшылык болумушу» туура келиш керек. Ал эми «сулуулук менен сулуулук болумушу төп келишет». Демек табияттын ар бир кыймыдуу болгон болумуштук окуялары өз-өзүнчө жашоосуна ээ болот. Ал кыймылдар аркылуу болумуштун чындыгына тете өз ара прогрессивдүү аракеттенүү менен коом үчүн кызмат кылат» [8].

Кытай элинин эстетикалык багыттырдагы илимий-теориялык өнүгүүсү байыркы терендиктен чыгат. Бирок ошол мезгилдерди изилдеп тарыхка жазуу орто кылымдарга туура келет.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Кытайда III-IV кылымдарда жана өзгөчө V кылымдарда поэзия, живопись, философия, курулуш эмгектеринде эң чоң жетишкендиктери байкалат. Көркөм чыгармачылыктын ар түрдүү багыттагы практикалык тараптан жетишкендиктери Кытайдын эстетикасынын өздүк улуттук формаларынын келип чыгышына түрткү болот. Кытайдын орто кылымдардагы философторунун таянган булактары, бул байыркы кытай даанышмандарынын жетишкендиктери. «Тунуктук жана киргилдик, «Ци» табиатка байланыштуу. Ал өзү күчтүү аракет менен жетүүгө жана басым күчү аркылуу багыт алууга жол бербейт» [9].

Кытай байыркы даанышмандарынан: Конфуцийди (Кун-цзы, 551-479 биздин эрага чейин жылдар), Лао-Цзы жана Ван Чун эсептелинет. Конфуций көптөгөн эстетикалык баалуулуктардан турган тарбиялык акыл кеп-кеңештерин айтып кеткен.

Конфуцийдин окуусу менен катар байыркы Кытай идеологиясында «даосизм» («Дао» - «сапар») окуусу өкүм сүрөт. Даосизм табиаттын жалпы закондорун окуучу-илим. Даосизм базасында эстетикалык багыт Лао-цзы тарабынан иштелип чыгат (VI-V к. б.з.ч.). «Дао» жөнүндөгү окуу эстетикалык ирет менен биринчи «материалисттик» жана «атеисттик» багыттагы илимий-теориялык эмгек, кийинчерээк «идеалисттик» багыттагы теориялык эмгектери иштелет.

Эстетикалык ойлордун эң көрүнүктүү ойчулу Ван Чун. Ал өзү философ-материалист. Ал байыркы Кытай эстетикасын аягына чыгарып жана орто кылымдар эстетикалык ойлордун баштоочусу катары таанылат.

Кытайдын дагы бир улуу илимпоз инсаны бул Ван Вэя. Анын илимий теориялык жана эмпирикалык багыттардагы трактаттары да кишинин көңүлүн өзүнө бурат. Анын «живопись илиминин сырларынын ачылышы» же «живопистин сырлары» эмгеги көңүлгө алаарлык.

Сүрөтчү жана искусствонун теоретиги Се Хе (479-502) да өз эмгектерин живопистик чыгармаларга арнаган. Анын «Байыркы живопись категориясы», - аттуу трактаты өтө белгилүү. Се Хе «алты живопистик принциптер», - аттуу эмгегинде 6 живопистик принципти таап чыгат. Анын оюу боюнча бул принциптер байыртадан келе жаткан принциптер. Аларга төмөнкүлөр кирет:

1. «Жашоонун кубулуштарынын көрүнүшү (Циюнь иэн дунь).
2. Кыл калем (кисть) менен жаза билүү ыкмасы (Гуфа юнби).
3. Форманын табияттуулугу (Иньу сянсин).
4. Нерсенин мүнөзүнө карай түс колдонуу (Суйлэй фуцай).
5. Нерселердин туура жайгашуусу (композиция) Изиньин Вэйчжи).
6. Мыкты чыгармаларда көчүрө билүү (Чуаньи мосе)» [10].

Чжан Янь-Юань (IX к.) өзүнүн «Мезгилдер аралык белгилүү картиналар», - аттуу эмгегинде живописттик чыгармалардын тарбиялык жагын каттуу баалаган. Анын айтымында живописттик чыгармалар «иероглифтерден» жана аларды туурoодон келип чыккан. Андан сырткары, ал чыгарманын табиатын изилдеген.

Су Ши орто кылым Кытай эстетикасына чоң салымын кошкон. Өзүнүн «Кар баскан алачыкта», - аттуу эмгегинде чыгармачылык маанайга көп көңүл бөлгөн. Сүрөтчү бардык көңүлүн «Дао» аркылуу жүргүзүшү керек дейт. Су Ши өзүнүн ойун таланттуу адамдарга, башкача айтканда «жогорку таланттар ээлерине» арнаган. Анын пикири боюнча ар бир сүрөтчү кайталангыс касиетке ээ. «Плотин айткандай, - биздин көз күндү күндөй кылып көрбөй туруп, күн жасабайт жана «жаныбыз» сулуулукту көрбөй эле «сулуулукту» жасабайт» [11].

Мындан башка дагы бир инсан белгилүү болуп таанылат, ал Ван И. (туулган жылы болжол менен 1333-ж.), анын «Портреттик искусствонун сырлары» аттуу эмгегинде адам баласынын рухтук кебетесин изилдейт.. Алардын эмгегинде Кытай искусствосунун да өзүнүн эволюциялык өсүү процесстеринин этабы чагылдырылат.

**Адабияттар:**


1. Корелин М.С.Цит.по кн. Очерки итальянского возрождения. - М., 1910. - С. 164-165.
2. Дживелегов А.К Цит.по. Возрождение. Собрание текстов. - М.-Л., 1925. - С. 33.
3. Франсуа Р. Гаргантюа и Пантагрюэль. - М., 1961.- С. 151
4. Овсянников М.Ф. История эстетической мысли.- М., 1984. - С. 60.
5. Леонардо да В. Избранные произведения. - М., 1976.- т.11. - С. 57.
6. Шиллер Ф. Собрание сочинений. - М.-Л., 1950. - Т.6. - С. 694.
7. Дюрер А. Дневники. Письма Трактаты. - Л.-М., 1957. - Т.2. - С. 20.
8. Аристотель. Метафизика. - М., 1975. - Т.1. - 1031а.
9. Овсянников М.Ф. Из истории эстетической мысли древнего века и средневековья. - М., 1985. - С. 229.
10. Соколов П., Свирина М.Е. История эстетики. Памятники мировой эстетической мысли. - М., 1987. - Т.1.-С.352.
11. Асмуса В.Ф. Плотин. Эннеада I. - Кн. 6. - гл. IX: в книге: «Античные мыслители об искусстве. - М., 1938.